И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган **Д.07.20.624 диссертациялык кеңешинин эксперти**, т.и.к., Кыргыз-түрк Манас университетинин профессору **Кожобеков Муратбек Чалакеевичтин** изденүүчү Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык тарыхчы Ю. С. Худяковдун кыргыз таануугa кошкон салымы»аталыштагы 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын алууга сунушталган диссертациясына жана авторефератына

## КОРУТУНДУ

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин диссертациясын карап чыгып төмөндөгүдөй бүтүмгө келдик:

1. **Диссертациялык кеңеш диссертацияларды коргоого кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин ылайыктуулугу.**

Сунушталган «Орусиялык тарыхчы Ю. С. Худяковдун кыргыз таануугa кошкон салымы»деген темадагы кандидаттык иш диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште адистигинин паспорту 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистигине толугу менен жооп берген археолог, тарыхчы Ю. С. Худяковдун кыргыз тарыхынын өнүгүшүнө кошкон салымы изилденген.

2. **Диссертациянын максаты**

Археолог, тарыхчы Ю. С. Худяковдун кыргыз тарыхынын өнүгүшүнө кошкон салымын изилдөөгө арналган. Коюлган максат төмөндөгү *милдеттерди* чечүүнүн натыйжасында ишке ашырылган:

- постсоветтик Кыргызстандагы инсан таануунун тарыхнаамасын иликтөөнүн;
- Ю.С. Худяковдун өмүр жолун жана илимий ишмердүүлүгүн изилдөө методдорун аныктап алуунун;
- профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолунун баскычтарын жана чыгармачыл ишмердигин ар кыл өңүттө чагылдырган булактарды изилдөөнүн;
- Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон ар тараптуу салымдарын илимий тактоонун;
- Ю.С. Худяковдун өмүрүнө жана анын чыгармачыл ишмердүүлүгүнө байланыштуу маалыматтарды илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети катары жалпылап чагылдыруунун;

- Окумуштуу Ю.С. Худяковдун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык өмүрүнүн баскычтарын тактоонун;
- профессор Ю.С. Худяковдун Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын байыркы жана орто кылымдардагы этностук тарыхы жаатындагы эмгектерин иликтеп, анын совет доорундагы “кызласовдук” илимий жоромолдорду калыс сынга алып, четке кагуудагы зор салымдарын анализдөөнүн;
– байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын этностук аймагы боюнча профессор Ю.С. Худяковдун жаңычыл көз карашын иликтөөнүн;
– профессор Ю.С.Худяковдун Енисейдагы жана Теңир-Тоодогу кыргыздардын этностук-маданий жалпылыгы жөнүндөгү көз карашын иликтөөнүн;
– профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана “кыргыз” этнониминин келип чыгышын жана чечмеленишин талдоого арналган эмгектерине сереп жасоонун;
- профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана аларга коңшу элдердин байыркы жана орто кылымдардагы аскер иши жана курал жарактарын изилдөөлөрүн анализдөө эсептелинет. Анын натыйжасында, диссерант тандап алган теманын көп кырдуу проблемасын ар түрдүү булактардын жана илимий эмгектердин базасында ачып бере алган.

*Изилдөөнүн обьектиси.*Диссертациялык изилдөөнүн максаты менен милдеттерине дал келет. Методологиясы жана изилдөө методдору тарых илиминин жетишкендиктерине негизделген жана ал коюлган проблеманы ачууда ырааттуу колдонулган.

*Изилдөөнүн актуалдуулугу.* Диссертациялык иш ар тараптуу изилдөөнү талап кылган актуалдуу жана татаал маселеге арналган. Кыргыз тарыхын артараптуу изилдеген окумуштуунун илимий мурасын талдоо жана аны пропагандалоо азыркы кыргызтаанудагы олуттуу проблемалардын бири саналат. Ошондуктан, диссертациялык иштин актуалдуулугу бүгүнкү күндүн талабына толук жооп берет.

Ю. С. Худяковдун енисейлик кыргыздардын археологиясын, этникалык тарыхынын арбаскычтууэтаптарын изилдөө багыттындагы кошкон салымы кыргызтаануунун өз алдынча илимий тармак катары калыптанышына салым кошкону маалым. Көп кырдуу окумуштуунун илимий мурасын изилдөөгө алынган саамалык биринчи жолу жасалып жаткандыгын белгилей

3. **Илимий иштин жаңылыгы**

Диссертациялык иште илимий-теориялык жактан негизделген, тарых илиминин өнүгүшүнө белгилүү салым кошкон жаңы илимий жыйынтыктар берилген. Алар:

3.1. Окумуштуу, археолог, кыргыз таануучу, профессор Ю.С.Худяковдун ата-теги, өмүр жолунун урунттуу учурлары жана илимий ишмердиги азыркыкыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу атайын изилдениши.

3.2. Енисей кыргыздарынын орто кылымдардагы этникалык тарыхы, кыргыздардын аскердик иши, курал-жарактары ж.б. илимий маселелерди иликтөөдөгү жаңы баскычтар профессор Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданышы.

3.3. Енисей кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын этникалык, маданий жана башка тарыхый жалпылыктарынын Ю.С.Худяковдун эмгектерин талдоо аркылуу изилдениши.

3.4. "Кыргыз" этнонимин тарыхый-этнографиялык, археологиялык, лингивистикалык изилдөөлөрдүн учурдагы акыбалына илимий анализге алынышы.

3.5. Ю.С.Худяковдун кыргыз таануу илимине, анын ичинде кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы доордогу жана орто кылымдардагы тарыхын изилдөөгө кошкон салымына салыштырмалуу илимий талдоонун негизинде алгачкы ирет диссертациялык деңгээлде жалпыланып баа берилиши илимий жыйынтыктарынын ынанымдуулугунун айгинелейт. Ошондой эле илимий иш квалификациявык талапка ылайык келет.

4. **Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын тажрыйбалык мааниси**

Дисертациялык иштин жыйынтыктары студенттерге лекция окуу материалы катары, илимий жыйындарга баяндама түрүндө, китеп жазууга пайдаланса болот

5. **Диссертациянын мазмунуна авторефераттын шайкештиги**

Автореферат толугу менен диссертацияда коюлган максат менен милдеттерди ачууга дал келет. Орус жана англис тилиндеги резюмелери бирдей.

**6.Эскертүүлөр:**

1. Текстте көрсөтүлгөн авторлорду “Адабияттар” тизмесине киргизүү керек;
2. Диссертациялык изилдөөнүн методологиясы изилдөө тармактарга жараша так белгиленген эмес;
3. Диссертацияда стилистикалык жана грамматикалык мүчүлүштүктөрдү четтеттүү зарыл;

**7. Сунуштар:**

1. Диссертациялык иштин темасын «Тарыхчы, археолог Ю. С. Худяков жана анын кыргыз таанууга кошкон салымы» деп өзгөртүү;
2. Диссертациялык иштин киришүү бөлүгүндө теманын актуалдуулугун, жаңычылдыгын, коргоого алып чыгуучу жоболорду иштин мазмунуна жараша кайрадан карап чыгып жазуу зарыл;
3. Иште айрым редакциялык маанайдагы кемчиликтер кездешет. Аларды жоюу зарыл;

**8**. ***Жетектөөчү уюм катары*** Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы, археология жана этнография кафедрасы сунушталат.

**Официалдуу оппонент** катары төмөндөгү талапкерлер бекитилсин:

- Биринчи официалдуу оппонент катары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору **Айдаркул Кааннаны;**
- Экинчи официалдуу оппонент катары Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн профессору, тарых илимдеринин кандидаты **Кожобеков Муратбек Чалакеевичти** сунуштайм.

**9. Корутунду:**

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык тарыхчы Ю. С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы»аталыштагы 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын алууга даярдалган диссертациялык иш коюлган талаптарга жооп берет.

Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн илимий изилдөө.

**10. Диссертациялык кенештин эксперти берилген документтерди карап чыгып,** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.07.20.624 диссертациялык кеңешинеАлымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык тарыхчы Ю. С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы»аталыштагы 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаттык окумуштуулук даражасын алууга даярдалган **диссертацияны коргоого сунуштайт.**

**Эксперт**

**Тарых илимдеринин кандидаты,**

**профессор** **Кожобеков М. Ч.**

**Эксперттин колун тастыктайм:**

Диссертациялык кеңештин илимий

катчысы, тарых илимдеринин доктору Карыева А.К.

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ
ОБЩИЙ ОТДЕЛ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
ИНН 01212199610111

11.01.2022